**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.24.695**

*Кол жазма укугунда*

УДК: 342.591 (575.2) (043.3)

**РАМАШОВ ОЛЖАС НУРМАМБЕКОВИЧ**

# КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРИ

12.00.02 - конституционное право; муниципальное право

юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2025**

Иш Ж.Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Дуйсенов Эркин Эрманович**
юридика илимдеринин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин биринчи проректору, Башкармалык кеңешинин төраганын орун басары

**Расмий оппоненттер:** **Бейшембиев Эсенгул Джумашевич**
юридика илимдеринин доктору, профессор,
Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык институтунун мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору

**Абакирова Асель Мырзакановна**
юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
КРнын Юстиция министрлигинин адвокатура, нотариат жана апостильдөө башкармалыгынын начальниги

**Жетектөөчү уюм:** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин Эл аралык жана конституциялык укук кафедрасы (дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 42)

Коргоо 2025-жылдын 30-майында саат 10:00гө диссертациялык кеңештин жыйынында Д 12.24.695 диссертацияларды коргоо боюнча окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн илимдин доктору (кандидаты) юридикалык илимдеринин караштуу Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош мамлекеттик университети дареги: 720040, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265а, диссертациялык зал.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр. 265-а), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек, Фрунзе көч. - 547.) жана Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош, Ленин көч., 331) китепканаларынан таанышууга болот, ошондой эле диссертациялык кеңештин сайтында: https://stepen.vak.kg/d_12_14_695/151265/ таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 30 апрелинде таркатылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **Жылкичиева К.С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** заманбап шарттарда, жаңы чакырыктарга байланыштуу, мамлекеттик кызмат системасын натыйжалуу түзүү жана талдоо зарылдыгы менен шартталат. Бүгүнкү күндө мамлекеттик башкаруу системасы ар түрдүү трансформациялык процесстерге дуушар болууда, бул болсо мамлекеттик кызматты сапаттуу деңгээлге көтөрүүнү талап кылат. Изилдөөнүн актуалдуулугу мындан тышкары, мамлекеттик кызматкерлер арасындагы коррупциялык көрүнүштөрдүн уланып жатканы менен да аныкталат. Бул көрүнүш кадрларды даярдоо процессинде жана алардын мамлекеттик органдарда кызмат өтөө мезгилинде укуктук жана адеп-ахлактык тарбия берүү механизмдеринин жетишсиздигин көрсөтөт. Демек, мамлекеттик кызматты реформалоо, анын ичинде кадрлардын адистик жана нравалык деңгээлин жогорулатуу маселеси илимий жактан да, практикалык жактан да өзгөчө мааниге ээ.

Казакстанда эгемендүүлүк мезгилинде мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук жөнгө салуу маселелери өзгөчө мааниге ээ болду. Мамлекеттик кызматты түзүү жана өнүктүрүү процессинде калыптанган коомдук мамилелерди конституциялык-укуктук жөнгө салуу менен объективдүү муктаждыктардын ортосундагы шайкешсиздик маселелери так байкала баштады.

Биздин көз карашыбыз боюнча, мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук жөнгө салуунун натыйжалуу системасынын жоктугу, ошондой эле бул тармакта олуттуу көйгөйлөрдүн бар болушу бул багытта терең илимий изилдөөлөргө болгон муктаждыктын өтө жогору экенин көрсөтөт. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасына байланыштуу белгилүү сандагы мыйзамдык актылар бар экендигине карабастан, нормативдик-укуктук жөнгө салуу дагы эле өтмө (транзиттик) өнүгүү баскычында турат. Натыйжалуу мамлекеттик кызмат системасын түзүү үчүн укуктук базаны өнүктүрүү боюнча фундаменталдык, жетиштүү иштелип чыккан теориялык негиздерге таянган илимий изилдөөлөрдүн зарылдыгы күн тартибине чыгууда. Бул маселелерди чечүү мамлекеттик башкаруу сапатын жогорулатуунун маанилүү факторлорунун бири катары каралууда.

Өлкө жетекчилиги жана мамлекеттик бийлик органдары, өздөрүнүн жогорку жоопкерчилигин түшүнүү менен жана укуктук жана социалдык мамлекетти куруу боюнча Конституциялык жоболордон улам, Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты уюштуруунун укуктук негиздерин өркүндөтүүгө милдеттүү.

Казакстан Республикасында жүрүп жаткан терең конституциялык-укуктук реформалар мамлекеттик кызматты натыйжалуу уюштуруу маселелеринде илимий изилдөөлөрдү активдүү жүргүзүүнү талап кылат.

Казакстандагы мамлекеттик кызмат системасынын ар кыл аспектилерин изилдөө, эл аралык оң тажрыйбаны пайдалануу, жана ушул негизде оптималдуу үлгү түзүү — заманбап юридикалык илим жана мамлекет үчүн өзгөчө актуалдуу маселе болуп эсептелет. Анткени дүйнөлүк практикада мамлекеттик кызматты уюштуруунун ар кыл усулдары жана ыкмалары боюнча бай тажрыйба топтолгон.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Бул диссертациянын темасы Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты жана мамлекеттик башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча артыкчылыктуу илимий багыттарга, ошондой эле мамлекеттик институттарды модернизациялоого арналган ири илимий программалар жана долбоорлор менен түздөн-түз байланышта турат. Аталган комплекстүү анализдин алкагында иштелип чыккан теориялык жоболор, илимий-практикалык жыйынтыктар жана сунуштар Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты өнүктүрүү боюнча жаңы стратегиялар менен концепциялардын долбоорлорунда, ошондой эле мамлекеттик башкаруу системасын андан ары модернизациялоо жана оптималдаштыруу боюнча маселелерди чечүүдө колдонулушу мүмкүн. Иш өз демилгебиз менен жүргүзүлгөндүктөн, ал инициативалык мүнөзгө ээ, жана жаңы илимий ыкмаларды сунуштоо аркылуу мамлекеттик башкаруунун теориялык жана практикалык базасын байытууга багытталган.

**Изилдөөнүн максаты** – Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасынын улуттук теориясы менен практикасын, анын өзгөчөлүктөрүн комплекстүү талдоо, ошондой эле мамлекеттик кызмат механизминин иштешиндеги көйгөйлөрдү терең изилдөө болуп саналат.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкү илимий милдеттер коюлат:

1. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздеринин түшүнүгүн, предметин жана маңызын кароо;
2. Мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук жөнгө салуунун механизмдерин теориялык жана методологиялык жактан талдоо;
3. Мамлекеттик кызматты жөнгө салуу боюнча эл аралык тажрыйбаны жана анын нормативдик-укуктук актылардагы чагылуусун изилдөө;
4. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздеринин учурдагы абалын талдоо;
5. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат боюнча конституциялык-укуктук кепилдиктердин ишке ашуу процессин талдоо;
6. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты натыйжалуу жөнгө салууда орун алган негизги конституциялык-укуктук көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздерин модернизациялоо жана оптималдаштыруу боюнча концептуалдык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** "мамлекеттик кызмат системасы" категориясын укуктук категориялар, институттар жана укуктук мамилелер менен тыгыз байланышта тутумдаштырылган, комплекстүү конституциялык-укуктук жана институционалдык талдоого алууга жасалган аракетте көрүнөт.

Автор ар түрдүү илимий ыкмаларды критикалык талдоо аркылуу Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын өнүктүрүү жана иштөө боюнча теориялык жана практикалык маселелерге болгон өзүнүн көз карашын сунуштап, негиздеп берет.

Анализ жүргүзүү процессинде мамлекеттик кызмат институттары терең изилденип, төмөнкү илимий жаңылыктар сунушталды:

- Мамлекеттик кызмат системасынын маңызы жана негизги мүнөздөмө-өзгөлүктөрү ачылып берилди;
- Мамлекеттик кызмат тармагындагы конституциялык-укуктук нормаларды бузуу учурларындагы жоопкерчилик маселелери изилденди;
- Бул институттардын Казакстан Республикасында өнүгүшүнө таасир эткен факторлор аныкталды;
- Мамлекеттик кызмат институттарын оптималдаштырууга багытталган автордук ыкмалар жана сунуштар берилди;
- Айрыкча жогорку кызматтагы адамдарга карата конституциялык-укуктук жоопкерчиликти мыйзам түрүндө бекитүүнүн зарылдыгы негизделди;
- Изилдөөнүн жыйынтыгында казакстандык мамлекеттик кызмат системасын оптималдаштыруу боюнча маанилүү сунуштар иштелип чыгып, модернизациялоонун концептуалдык модели сунушталды;
- Мындан сырткары, кылдат иштелип чыккан жана негизделген мыйзамдык жаңылыктар, анын ичинде "Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат жөнүндө" Кодекс долбоору иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** бул иштеп чыккан теориялык жоболор менен сунуштар мамлекеттик кызмат тармагында конституциялык-укуктук жоопкерчиликти мыйзам жүзүндө бекемдөө, жарандардын укуктарын коргоо жана нормативдик-укуктук актыларды оптималдаштыруу процессинде илимий негиз катары кызмат кыла алат.

Мындан тышкары, изилдөөнүн айрым жоболору: укуктук билим берүү системасында колдонулушу мүмкүн; жогорку окуу жайлардын жана мамлекеттик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, кайра даярдоо менен алектенген мекемелердин лекциялык жана практикалык окуу материалдарына киргизүүгө ылайыктуу. Бул иштин натыйжалары теория менен практиканын байланышын бекемдөөгө, мамлекеттик кызмат системасын өркүндөтүүгө жана кадрларды укуктук, этикалык жактан сапаттуу даярдоого өбөлгө түзөт.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси**. Бул диссертациялык иштин алкагында алынган жыйынтыктар мамлекеттик жана жарандык кызматкерлердин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган укуктук жөнгө салуу механизмдерин өркүндөтүү аркылуу мамлекеттин экономикалык саясатын оптималдаштырууда маанилүү ролду ойной алат. Изилдөөнүн натыйжалары төмөнкү жагдайларда өзгөчө актуалдуулукка ээ болушу мүмкүн: Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат боюнча конституциялык-укуктук кепилдиктерди ишке ашыруунун жаңы механизмин кеңейтүүдө; Укуктук мамлекетти куруу процессине салым кошууда, ошондой эле Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасынын конституциялык-укуктук негиздерин модернизациялоо жана оптималдаштыруу үчүн негиз түзүүдө. Бул жыйынтыктар мамлекеттик башкаруу жана экономикалык башкаруу чөйрөлөрүнүн өз ара байланышында натыйжалуу башкаруу моделин түзүүгө өбөлгө болушу мүмкүн.

**Диссертация боюнча коргоого коюлган негизги жоболор:**

1. Илимий-теориялык деңгээлде Казакстан Республикасынын нормативдик-укуктук актыларынын базасына байланыштуу мамлекеттик кызматтын формалары, ыкмалары жана системасы теориялык талдоого алынып, жаңы концептуалдык ыкмаларды талап кылары негизделди. Ушуга байланыштуу, "мамлекеттик кызмат", "мамлекеттик кызмат системасы", мамлекеттик башкаруу органдарынын натыйжалуу системасы жана анын Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын натыйжалуу системасы менен шайкештиги сыяктуу категорияларга байланыштуу туруктуу илимий көз караштын жоктугу белгиленди.

2. Мамлекеттик кызмат системасынын конституциялык-укуктук талдоосу укуктук түшүнүктөр, институттар жана мамилелерди изилдөө менен бирдикте системалуу түрдө берилди, бул авторго "мамлекеттик кызмат" түшүнүгүнүн автордук аныктамасын иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

Мамлекеттик кызмат — бул мамлекеттик органдардын конституциялык-укуктук кепилдиктерди, социалдык кызмат көрсөтүү системасын, экономикалык, укуктук, уюштуруучулук, медициналык-социалдык жана башка чараларды ишке ашыруу боюнча процесстердин жогорку деңгээлде жүзөгө ашырылышын билдирген татаал процесс катары сунушталат. Бул процесс мамлекеттик кызматтын укуктук чөйрөсүндөгү жарандардын укуктарын ишке ашырууну камсыздоого, ошондой эле Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат үчүн жетиштүү каржылык жана материалдык-техникалык камсыздоо базасынын негизинде иш жүргүзүүгө багытталган.

3. Илимий талдоонун негизинде мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук кепилдиктери, негиздери жана маңызы тууралуу теориялык жоболор такталып, алар менен байланышкан институттар дагы иштелип чыкты. Алар өзүнө төмөнкүдөй мамлекеттик-укуктук категорияларды камтыйт: "мамлекет"; "натыйжалуу мамлекет"; "Казакстандагы мамлекеттик башкаруу органдары"; "Мамлекеттик кызматкерлердин социалдык коргоосу"; "Мамлекеттик кызматкерлердин социалдык кепилдиктери" жана башка категориялар.

4. Автор тарабынан "мамлекеттик кызмат" түшүнүгүнүн автордук аныктамасы негизделип жана сунушталды. Мамлекеттик кызмат — бул Казакстан Республикасынын жарандарынын мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп, меритократия принциптеринин негизинде мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын аткарууда кесипкөйлүктү колдонуу менен жүргүзгөн коомдук, профессионалдык кызматтык ишмердүүлүгү катары түшүндүрүлөт. Мамлекеттик кызматты жүзөгө ашырууда Казакстан Республикасынын жарандары мыйзамдарды бузган учурда конституциялык-укуктук жоопкерчилик тартышат.

5. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты уюштуруу жана жүргүзүү процессинде, өзгөчө жогорку кызмат адамдарынын конституциялык-укуктук жоопкерчилигин ачык жана так аныктаган нормаларды камтыган "Казакстан Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылдыгы илимий негизде көрсөтүлдү.

6. Мамлекеттик кызматты укуктук жөнгө салуу, анын уюштурулушу жана башкарылышы боюнча эл аралык тажрыйба жалпыланып, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн жана бир катар Европа мамлекеттеринин тажрыйбасын комплексдүү

салыштырма талдоо жүргүзүлдү. Анын негизинде Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин өзгөчөлүктөрү аныкталып, негизги көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору боюнча негизделген жыйынтыктар иштелип чыкты.

7. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат боюнча конституциялык-укуктук кепилдиктердин учурдагы абалына жүргүзүлгөн анализ граждандарга Казакстан Республикасынын Конституциясынын жана башка нормативдик-укуктук актылардын негизинде мамлекеттик кызматкерлер үчүн татыктуу социалдык коргоону камсыз кылган чаралар комплекси мамлекет тарабынан кепилденерин көрсөттү. Ошол эле учурда, Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук деңгээлде тутумдуу жана комплекстүү уюштуруу процессинде айрым укуктук көйгөйлөр дагы деле болсо орун алып жатканы аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн максатына этап-этабы менен жетүү жана коюлган комплекстүү милдеттерди чечүү аркылуу автор Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасына байланышкан укуктук көйгөйлөрдү изилдөөгө өзүнүн белгилүү салымын кошту.

Изилдөөнүн жүрүшүндө: Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты өнүктүрүүнүн конституциялык-укуктук негиздериндеги негизги көйгөйлөр аныкталды; Мамлекеттик кызматкерлердин конституциялык-укуктук жоопкерчилигин оптималдаштыруу жолдору иштелип чыкты; Натыйжада, мамлекеттик кызмат системасын өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү сунуштар топтому иштелип чыкты; Ошондой эле, автор тарабынан Казакстан Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө Кодекстин түзүм долбоору иштелип чыгып жана негизделди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертация Ж. Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Изилдөөнүн негизги теориялык жоболору** жана практикалык сунуштары ондон ашуун эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда баяндалып, талкууланган. Изилдөөнүн материалдары боюнча Казакстан Республикасында жана чет өлкөлүк басылмаларда 7 илимий макала жарыяланган. Теманын айрым жыйынтыктары менен сунуштары мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө колдонулууда. Негизги жоболор жана жыйынтыктар Казакстан Республикасында жана Россия Федерациясында жарыяланган илимий макалаларда, ошондой эле автордун эл алдында чыккан баяндамаларында апробациядан өткөн. Автор Казакстан Республикасынын мамлекеттик кызмат системасын өнүктүрүү маселелери боюнча Алматы, Астана, Караганда, Талдыкоргон, Бишкек, Лондон (Улуу Британия) жана башка шаарларда өткөрүлгөн илимий иш-чараларга катышып, баяндама жасаган. Изилдөөнүн айрым материалдары автор тарабынан "Конституциялык укук", "Административдик укук", "Жазык укугу", "Жарандык укук" сыяктуу курстар боюнча лекцияларды окууда пайдаланылууда.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланган иштерде чагылдырылышынын толуктугу**. Изилдөөнүн натыйжалары автордун илимий жарыяларында кеңири чагылдырылган жана Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын өнүктүрүү маселелери боюнча жалпысы 12 илимий макалада баяндалган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** коюлган максатка, изилдөөнүн мүнөзүнө жана логикасына толук жооп берет. Иш төмөнкүдөй түзүлөт: киришүү, үч бөлүм, аларда 8 параграф камтылган, корутунду, пайдаланылган адабалардын тизмеси жана кошумча материалдар. Диссертациялык изилдөөнүн жалпы көлөмү – 151 бет компьютерде терилген текст.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү сөзүндө** изилдөө темасынын актуалдуулугу жана илимий жаңылыгы негизделип, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, анын практикалык мааниси аныкталат, коргоого коюлган жоболор түзүлөт, натыйжалардын апробациясы, диссертациянын түзүмү жана объектиси жөнүндө маалыматтар берилет.

**Биринчи глава «Мамлекеттик кызматтын теориялык жана методологиялык негиздери»** эки бөлүктөн турат.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи** — бул укук теориясы, адам укуктары концепциясы, Казакстан Республикасынын мамлекеттик кызматкерлеринин конституциялык-укуктук макамы, салыштырма конституциялык укук тармактарындагы илимий эмгектер, ошондой эле мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө иш алып барган окумуштуулардын жана практиктердин эмгектери болуп эсептелет. Мындан тышкары, мамлекеттик кызматтын ар кыл аспектилерин укуктук, саясат таануу, социологиялык жана экономикалык өңүттө изилдеген илимий жана практикалык эмгектер да бул изилдөөнүн негизги булактарынын бири болуп саналат.

**Изилдөөнүн нормативдик базасын** Казакстан Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар, Казакстан Республикасынын Президентинин жарлыктары, Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана башка нормативдик-укуктук актылар түзөт. Ошондой эле мамлекеттик кызмат боюнча мамлекеттик программалардын системасы, мамлекеттик кызматтын концепциялары жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын нормативдик-укуктук актылары өзгөчө белгиленет. Жогоруда көрсөтүлгөн ички актылар менен катар, **бул чөйрөгө тиешелүү эл аралык укуктук актылар да** колдонулган.

**Биринчи главасынын биринчи бөлүмдүн** «Мамлекеттик кызмат бул мамлекеттин конституциялык-укуктук ишмердүүлүгүнүн формасы катары: түшүнүгү, предмети, маңызы жана мазмуну» деген бөлүктө изилдөөчү "мамлекеттик кызмат" түшүнүгүнүн өзөгүн түзгөн маанилүү **аспектилерди** карайт. Тактап айтканда, Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызматтын **конституциялык-укуктук негиздери жана генезиси** бул тармактагы негизги теориялык жана практикалык түшүнүктөрдү **теориялык-методологиялык жана системдүү түрдө талдоо аракети** катары берилет.

Изилдөөчүнүн белгилешинче, бул реформалардын негизги бөлүгү Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасынын тийиштүү өнүгүшүн камсыз кылган укуктук реформалар болуп саналат. Ошондуктан, мамлекеттик институттарды трансформациялоо процессинде, Казакстан Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле мамлекеттик кызматты укуктук жөнгө салуу маселелери, көйгөйлөрү жана тажрыйбасын изилдөө өзгөчө мааниге ээ болуп турат.

Мамлекеттик кызмат процесстерин укуктук жөнгө салуу маселесине байланыштуу ар түрдүү аспектилер жана категориялар бир катар юрист-илимпоздордун эмгектеринде да кеңири чагылдырылган. Алардын катарына Акчурин А., Абдина А.К., Байменов А., Добрякова Т.М., Капаров С.Г., Нуртазин М.С., Сыздыкова А.Е., Турисбек А.З., Турисбеков З.К. жана башкалар кирет.

Талкуулардын объектиси (Обьект дисскусии)болуп саналган маселелер катары батыш өлкөлөрүнүн мамлекеттик кызмат системасы менен КМШ өлкөлөрүнүн системаларынын шайкештиги жана өз ара кызматташтыгы, глобалдашуу, тобокелдиктер, чакырыктар жана коркунучтар шартында өзгөрүүлөрдүн мүнөзү жана тажрыйбаны колдонуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле мамлекеттик кызмат системасында укуктук, социалдык, саясий жана экономикалык модернизациянын улуттук кызыкчылыктар менен өз ара байланышы сыяктуу маселелер айтылып келет. Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызматты модернизациялоонун конституциялык-укуктук негиздери жана көйгөйлөрү, мамлекеттик башкарууну реформалоодогу актуалдуу укуктук маселелер, кадрларды тандоо системасы, мамлекеттик кызматтын инновациялык келечеги сыяктуу темалар төмөнкү илимпоздор тарабынан изилденген: Э.Э. Дуйсенов, Г. Джунусбекова, Д. Музапар, А.И. Шалтыков, Т.И. Ешенкулов, Э.Н. Ракимбаев, О.Н. Рамашов, В.Н. Уваров, Н.В. Уварова-Патенко жана башкалар.

Изилдөөчүнүн пикиринде, Казакстан Республикасындагы коррупция маселелери, антикоррупциялык конвенцияларды кылмыш-жаза мыйзамына имплементациялоо, анын ичиндеги тенденциялар жана көйгөйлөрдү чечүү жолдору төмөнкү илимпоздор тарабынан каралган: Алауханов Е.О., К.Ж. Абдуалипова, Э.Э. Дуйсенов, Ж.А. Мамитова, Э.Н. Ракимбаев, М.А. Сарсенбаев, З.К. Турисбеков, С.Г. Капаров жана башкалар.

Казакстандагы азыркы укуктук жана саясий илимде мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат маселелери ар кандай деңгээлде жергиликтүү окумуштуулар тарабынан изилденген. Мисалы: А. Акчурин жана А.К. Абдина — Казакстан Республикасында кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана кызматтык өсүү системасын изилдешкен; К.К. Айтхожин — Казакстан Республикасынын Конституциясын жана саясий мамлекеттик кызматкерлердин укуктук статусун өркүндөтүү маселелерин караган.

Изилдөөчү тарабынан мамлекеттик кызматты өнүктүрүү боюнча жүргүзүлгөн мониторингдик изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, ошондой эле Казакстан коомунда мамлекеттик кызматты ишке киргизүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча жүргүзүлгөн эксперттик жана массалык сурамжылоолордун маалыматтары жалпыланган. Изилдөөнүн жүрүшүндө изилдөөчүнүн жеке байкоолору, Казакстандын окуу жайларында, жергиликтүү аткаруу органдарында иштеген практикалык тажрыйбасы, Алматы шаарында, ошондой эле Алматинская, Жамбыл

жана Караганды облустарында мамлекеттик кызмат боюнча уюштурулган иш-чараларга түздөн-түз катышуусу чоң роль ойногон.

Изилдөөчүнүн пикиринде, мамлекеттик кызмат азыркы демократиялык дүйнөдө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоонун, мамлекеттик бийлик системасынын институттарын түзүүнүн жана алардын иштөөсүнүн негизги конституциялык принциптеринин бири катары таанылат.

**Биринчи главаданын экинчи бөлүмүндө «Мамлекеттик кызматты нормативдик-укуктук жөнгө салуудагы эл аралык тажрыйба»** изилдөөчү тарабынан Казакстандагы жана чет өлкөлөрдөгү мамлекеттик кызматты укуктук жөнгө салуу тажрыйбаларынын салыштырма-укуктук талдоосуна өзгөчө көңүл бурулган. Изилдөөчүнүн пикири боюнча, мамлекеттик кызматтын уюштурулушу жана иштөө системаларынын укуктук негиздерин салыштыруу — бул процесстерди терең түшүнүүгө жана Казакстан гана эмес, КМШ өлкөлөрү үчүн да пайдалуу тажрыйбаларды колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Базар экономикасына өткөн мамлекеттерде, биринчи кезекте КМШ өлкөлөрүндө, мамлекеттик кызмат жана мамлекеттик башкаруу системалары борбордук, облустук, райондук жана жергиликтүү деңгээлдерде олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Жалпыга маалым болгондой, базар экономикасы жаңы түрдөгү мамлекеттик кызматты жана башкаруу системасын талап кылды. КМШ мамлекеттериндеги тажрыйбанын жана шарттардын ар түрдүүлүгүнө карабастан, мамлекеттик кызматты уюштуруу жана өнүктүрүү системасындагы жалпы өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктар байкалат. Ошол эле учурда, КМШ өлкөлөрүндөгү мамлекеттик кызмат көп учурда: натыйжасыз, коррупциялашкан, бюрократиялашкан, жана кесипкөйлүгү жетишсиз системалар катары мүнөздөлөт, өзгөчө азыркы заманбап шарттарда өзгөрүп жаткан башкаруу талаптарына жооп бере албаган учурларда.

Изилдөөчүнүн пикиринде, мамлекеттик кызмат менен мамлекеттик башкаруунун деңгээлинин төмөндөшү өз кезегинде советтик доордогу бюрократиялык түзүмдөргө, баалуулуктарга жана тартиптерге байланыштуу, алардын бардыгы эле жаман деп айтууга болбосо да. Бирок азыркы шарттарда, өнүккөн, татаал жана өзгөрмөлүү коомдо, мамлекеттик башкаруу үчүн: жогорку сапаттагы, терең жана тармактык адистештирилген билимдер, кесиптик көндүмдөр жана компетенциялар талап кылынат. Мындай жагдайда мамлекеттик кызмат жана башкаруу системаларын уюштурууда олуттуу ыкмалар жана терең өзгөртүүлөр зарыл. Бул маселе Казакстанда да өзгөчө актуалдуулукка ээ, анткени ал жерде да советтик мурастан калган башкаруу практикасынын таасири дагы эле байкалат.

Чет өлкөлөрдө мамлекеттик кызмат жана мамлекеттик башкаруу системасынын уюштурулушу ар кандай деңгээлде болгондугу белгилүү. Мамлекеттик кызмат системасын натыйжалуу уюштуруу жана анын жогорку деңгээлине жетишүү максатында, Казакстанга бул жаатта өнүккөн мамлекеттердин оң тажрыйбасын эске алуу зарыл. Айрыкча мамлекеттик кызматты түзүүдө жана өнүктүрүүдө, төмөнкү тармактарда алдыңкы өлкөлөрдүн үлгүсү маанилүү болушу мүмкүн: билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, жарандарга социалдык жардам көрсөтүү ж.б. Бул тармактарда тажрыйбаны эске алуу —

Казакстандын мамлекеттик кызматын элге жакын, натыйжалуу жана заманбап системага айлантууда маанилүү кадам болуп саналат.

Изилдөөчүнүн белгилешинче, Борбордук Азия өлкөлөрүндө жана башка КМШ мамлекеттеринде мамлекеттик кызмат системасын түзүү жана өнүктүрүү жараяны дээрлик бирдей шарттардан башталган, анын ичинде мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо боюнча да. Мамлекеттик кызмат системасын түзүүнүн негизги принциптери азыркыга чейин өзгөрүүсүз бойдон калып келет, анын ичинде Казакстанда да. Ошол эле учурда, Казакстанда натыйжалуу жана кесипкөй мамлекеттик кызматты жана мамлекеттик башкаруу системасын түзүү багытында олуттуу кадамдар жасалган.

Европа жана Балтия өлкөлөрүнө токтолсок, бул мамлекеттердеги абал оң тажрыйбанын өтө чектелүү мисалдары менен мүнөздөлөт. Мисалы, Польшада мамлекеттик кызмат системасы туруктуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп келгени менен, анын негизги принциптери өзгөрүүсүз бойдон калууда. Бул өлкөдө натыйжалуу мамлекеттик кызматты жана мамлекеттик башкарууну түзүү багытында олуттуу кадамдар жасалган. Мындай жетишкендиктер, буга чейин белгиленгендей, мамлекеттик кызмат менен мамлекеттик башкаруунун бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин дагы бир ирет тастыктайт.

Мисалы, алсак, Өзбекстан өкмөтү 2000-жылы мамлекеттик секторду реформалоону негизги максат катары жарыялаган. Түркмөнстанда болсо, мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызматтын заманбап системасын түзүү процесстери анча байкалбайт. Казакстан жана Борбор Азиянын башка мамлекеттери мурдагы башкаруу системасынан бийик деңгээлде саясилештирилген мамлекеттик кызмат системасын мурастап алышкан, ал система мамлекеттик кызматтан партиянын үстөмдүгүн негизги принцип катары кабыл алган. Бул шартта, Казакстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан мамлекеттери натыйжасыз мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат системасынын айынан стабилдүүлүктүн бузулуу коркунучуна кабылышы мүмкүн. Кыргызстанда акыркы 15 жыл ичинде мындай кырдаал үч жолу орун алган, бул болсо системанын алсыздыгын жана реформалардын кечигишин көрсөтөт. Борбор Азия өлкөлөрүнүн саясий жетекчилиги мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоонун зарылдыгын байма-бай белгилеп келет.

Мисалы, Казакстанда 1999-жылы биринчи жолу “Мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзам кабыл алынган, ага ылайык 20га жакын тиешелүү подзакондук актылар иштелип чыккан. Бул мыйзам кийинки жылдары бир нече ирет өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго дуушар болгон. Мындан тышкары, Казакстанда төмөнкүдөй маанилүү институттар түзүлгөн: Казакстан Республикасынын Мамлекеттик кызмат иштери боюнча агенттиги, Президентке караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы, Коррупцияга каршы аракеттер боюнча агенттик жана башка мекемелер. Бул органдар мамлекеттик кызматты өнүктүрүү жана мамлекеттик башкарууну натыйжалуу жүргүзүү максатында түзүлгөн.

Сагинов Э. белгилегендей Тажикстанда, «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 27-беренелерине ылайык, Тажикстан Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик кызмат башкармалыгы түзүлгөн. Бул орган мамлекеттик кызмат жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө, ошондой эле:

эмгек акыны төлөө жана стимул берүү системасын уюштурууга, мамлекеттик кызматкерлердин айлык маянасын аныктоого, квалификациялык талаптарды иштеп чыгууга ж.б. багытталган. Аталган Башкармалыктын негизги функцияларына төмөнкүлөр кирет: жаңы жоболордун долбоорлорун даярдоо, маалымат базасын түзүү, мамлекеттик кызматты өнүктүрүү боюнча чаралар системасын иштеп чыгуу жана башка иштер. *[Сагинов Э. Государственная служба – важнейший фактор реформирования государственного управления в Республике Таджикистан. [Текст]: Агентство Республики Казахстан по делам государственной службы / ПРООН – Региональное Бюро по Европе и СНГ. Алматы: 16-17 ноября 2000., с. 25].*

Европа жана Балтия өлкөлөрүнүн тажрыйбасын салыштырмалуу талдоо көрсөткөндөй, Польша — кесипкөй мамлекеттик кызматты түзүү жаатындагы ийгиликтүү мисал катары көп учурда мисал келтирилет. Бирок, ошого карабастан, Польшада мамлекеттик кызматты реформалоо процессинин токтоп калуу коркунучу бар. Мисалы, реформалар башталгандан бери Польша “Мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзамды үч жолу кайра карап чыккан, бул болсо өз кезегинде мамлекеттик кызматтын туруктуулугун жана системанын бекемдигин кепилдей албай турганын көрсөтөт.

Ошондой эле, Латвияда 2000-жылы көз карандысыздык алынгандан кийин мамлекеттик кызмат жөнүндө экинчи мыйзам кабыл алынган. 2001-жылы дагы бир жолу мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзам кабыл алынган, бирок анын ишке ашырылышы кыйла кечигүү менен башталган. Болгариядагы мисал өзгөчө көңүл бурууга арзыйт — анда мамлекеттик администрация жөнүндө мыйзам кабыл алынгандан кийин, функционалдык талдоонун негизинде борбордук башкаруу аппаратынын негизги реструктуризациясы жүргүзүлгөн. Бул — функционалдык анализдин жыйынтыгына таянып жүргүзүлгөн административдик реформанын жалгыз мисалы болуп саналат. Ошентсе да, мамлекеттик башкаруу системасы менен мамлекеттик кызмат системасынын байланышын тактоодо, тактап айтканда өкмөт деңгээлдери боюнча функцияларды кайра бөлүштүрүү маселеси азыркы күнгө чейин чечилбей келет.

**Экинчи глава «Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат өтөө менен байланышкан коомдук мамилелерди конституциялык-укуктук жөнгө салуу»** үч бөлүмдөн турган структуранын алкагында, диссертациянын автору тарабынан мамлекеттик башкаруу органдарынын системасы жана адам ресурсу – мамлекеттик кызматкерлер изилденет. Изилдөөдө бул эки элемент — мамлекеттик кызмат органдары жана мамлекеттик кызматчылар — мамлекеттин натыйжалуу өнүгүшүндө негизги жана маанилүү түзүүчүлөр болуп саналары баса белгиленет.

**Изилдөөнүн объектиси** Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат системасынын алкагында калыптануучу **конституциялык-укуктук мамилелер** болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** Казакстандын мамлекеттик кызмат модели **боюнча** нормативдик жана институционалдык механизмдердеги кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу жолдорун издөө аркылуу чагылдырылган улуттук мыйзамдар болуп эсептелет.

**Экинчи главанын биринчи бөлүмүндө «Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты камсыздоонун нормативдик-укуктук кепилдиктери»**

Казакстан Республикасынын баш мыйзамында (1995-жыл) мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдардын өнүгүшүнүн негизги этабы белгиленгени тууралуу өзгөчө көңүл бурулган. Тактап айтканда, Конституциянын 33-беренесинин 4-пунктунда Казакстан Республикасынын жарандарынын мамлекеттик кызматка жетүүдө тең укуктуулугу бекемделет. Ошондой эле ал жерде кандидаттарга коюлуучу талаптар да көрсөтүлгөн. *[Конституция Республики Казахстан, принята на республиканском референдуме 30 августа 1995 г., - Алматы, 2022. – 54 с.].* 1995-жылдын 26-декабрында Казакстан Республикасынын Президентинин № 2730 “Мамлекеттик кызмат жөнүндө” Жарлыгы кабыл алынган. Бул жарлыкта төмөнкү негизги жоболор белгиленген: Жеке адамдын укуктары менен эркиндиктеринин мамлекет кызыкчылыктарынан артыкчылыгы; ммамлекеттик кызматкерлер үчүн квалификациялык класстарды белгилөө; мамлекеттик кызматка кабыл алуу, токтотуу жана аттестация маселелери; мамлекеттик кызматчылар үчүн социалдык коргоо чараларын белгилөө ж.б.

Изилдөөчүнүн пикиринде, дал ошол мезгилден тартып мамлекеттик кызмат системасын өнүктүрүүгө багытталган реалдуу институционалдык кадамдар калыптана баштаган, жана бул кадамдар терең талдоого алынууга тийиш. 1999-жылы кабыл алынган "Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө" мыйзамда мамлекеттик кызмат тармагындагы маанилүү коомдук мамилелер жөнгө салынган, бул мыйзам кийинки жаңылануулар негиз салган. Мындай жаңылануулардын бири катары 2015-жылы кабыл алынган жаңы нормативдик-укуктук акт “Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзам көрсөтүлөт.

«Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат» жөнүндө негизги профилдик мыйзамдан тышкары, бул тармактагы мамилелерди жөнгө салуу башка бир катар маанилүү мыйзамдар жана кодекстер аркылуу да жүзөгө ашырылат. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет: «Казакстан Республикасынын Эмгек кодекси»; «Мамлекеттик кызматчылардын Этикалык кодекси» (Мамлекеттик кызматчылардын кызматтык этикасынын эрежелери); «Граждандык-процессуалдык кодекс»; «Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекс»; «Жазык кодекси, «Жазык-процессуалдык кодекс», «Жазык-аткаруу кодекси»; «Казакстан Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» мыйзам; «Казакстан Республикасынын коргонуу жана куралдуу күчтөрү жөнүндө» мыйзам; «Ички иштер органдары жөнүндө» мыйзам; «Улуттук коопсуздук органдары жөнүндө» мыйзам; «Коррупцияга каршы аракеттер жөнүндө» мыйзам; «Казакстан Республикасындагы жергиликтүү мамлекеттик башкаруу жана өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзам ж.б.

Изилдөөчү баса белгилегендей, жогоруда аталган нормативдик-укуктук актылардан тышкары, мамлекеттик кызматтык мамилелерди ар тараптан жөнгө салган башка да документтер кабыл алынган. Бул контекстте өзгөчө белгилөөгө татыктуусу — 1997-жылдын 21-октябрындагы Казакстан Республикасынын Президентинин “Жогорку тартиптик кеңеш жөнүндө” Жарлыгы. Ошондой эле, Казакстандын эгемендүүлүк жылдарынын ичинде мамлекеттик кызмат маселелери боюнча Президент тарабынан 30дан ашуун жарлык кабыл алынганы да маанилүү факты катары белгиленет. 1999-жылы кабыл алынган “Казакстан

Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзам мамлекеттик кызмат системасын натыйжалуу негизде түзүүгө багытталган жаңы ыкманы киргизген. Мындан тышкары, 2011-жылы кабыл алынган Президенттин “Казакстан Республикасынын мамлекеттик кызматтын жаңы модели жөнүндө концепциясы” жөнүндөгү Жарлыгы менен төмөнкү максаттар белгиленген: Натыйжалуу мамлекеттик кадр саясатын жана адам ресурстарын башкаруу тутумун түзүү; Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жогорку сапатын камсыз кылуу; Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу.

Мамлекеттик кызмат боюнча агенттикти түзүү жана анын иштеши — мамлекеттик кадр саясатын камсыздоого багытталган маселелер менен тыгыз байланышта экендиги баса белгиленет. Кийинчерээк бул органдын негизинде Казакстан Республикасынын Мамлекеттик кызмат жана коррупцияга каршы аракеттер боюнча агенттиги түзүлгөн, ал Казакстан Республикасынын Президентине түздөн-түз баш ийген орган болгон. Кийинчерээк бул бирдиктүү агенттик эки өз алдынча органга бөлүнгөн: Казакстан Республикасынын Мамлекеттик кызмат боюнча агенттиги; Казакстан Республикасынын Коррупцияга каршы аракеттер боюнча агенттиги. Бул өзгөрүүлөргө түрткү берген жагдайлардын бири — Казакстан Республикасынын 1997-жылдагы Жазык кодексинде коррупциялык аракеттер 13-бөлүмдө “Мамлекеттик кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар” катары белгиленгени болгон. Кийинчерээк, 2003-жылдын 25-сентябрындагы мыйзамга ылайык, аталган бөлүмдүн аталышы “Мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик башкаруунун кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар” деп өзгөртүлгөн.

Ушуга байланыштуу, 2015-жылы Казакстан Республикасында “Коррупцияга каршы аракеттер жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган, анын негизги максаты — өлкөнүн антикоррупциялык саясатын жүзөгө ашыруу болуп саналат. Ошондой эле айта кетүү керек, Казакстан Республикасынын Конституциясына 2017-жылдын март айында киргизилген өзгөртүүлөр келечекке багытталган стратегиялык өнүгүү багыттарын аныктаган. Жогорку укуктук потенциалга ээ болгон Казакстан мамлекети өзүнүн негизги милдеттерин мамлекеттик башкаруу органдары аркылуу ишке ашырат, ал органдар өз кезегинде мамлекеттик кызмат маселелери менен тыгыз байланышта иш алып барышат.

Ошондой эле белгилеп кетүү маанилүү, 2015-жылдын 23-ноябрында “Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө” жаңы Мыйзам кабыл алынган, анда “Казакстан – 2050” Стратегиясында көрсөтүлгөн негизги жоболор ишке ашырылган. Көп узабай, 2015-жылдын 29-декабрында Казакстан Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен “Мамлекеттик кызматчылардын этикалык кодекси” бекитилген, ал: Казакстан Республикасынын Конституциясынын жоболоруна, 2015-жылдагы “Мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзамга, “Коррупцияга каршы аракеттер жөнүндө” мыйзамга ылайыкташтырылган. Бул кодексте баса белгиленгендей: “Мамлекеттик кызматты аркалоо — коомдун ишениминин көрүнүшү болуп саналат жана мамлекеттик кызматчыларга жогорку талаптарды коёт.”

**Экинчи главанын экинчи бөлүмүндө «Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздерин**

**имплементациялоо: азыркы абал»** изилдөөчү иштеп чыккан нормативдик-укуктук актылардын (НПА) базасын туура талдоого алган, анткени дал ушул база мамлекеттик кызматтын негизги принциптеринин имплементациясы аркылуу иштөө механизмин түзгөн. Ошондой эле белгилүү болгондой, мамлекеттик кызмат негизинен эки түргө бөлүнөт: жарандык мамлекеттик кызмат, аскерлештирилген (милитаризацияланган) мамлекеттик кызмат.

А.З. Турусбектин пикиринде**,** жарандык кызмат эки түргө бөлүнөт**:** – жалпы жарандык кызмат **(**тармактык өзгөчөлүктөргө ээ эмес), – жана атайын жарандык кызмат (иштин мүнөзүнө жараша спецификалуу талаптарды камтыган). Ошол эле учурда, автор белгилейт: милитаризацияланган кызмат **— бул** ички иштер органдарында, бажы органдарында, каржы полициясында жана аскердик кызматта өтөлүүчү кызмат болуп саналат. *[Турисбек А.З. Государственная служба в Республике Казахстан: проблемы теории и практики. [Текст]: Автореферат дис… д-ра юрид. наук. М.: 2012. – 59 с.].*

А.А. Бейсембаев бул маселени башка өңүттө карап чыгып, мамлекеттик кызматтын мыйзамдык базасынын өзгөчөлүктөрүнүн бири катары анын антикоррупциялык мүнөзүн белгилейт. Белгилүү болгондой, Казакстан Республикасынын "Коррупцияга каршы күрөш жөнүндө" мыйзамында төмөнкү негизги аспекттер белгиленген: Коррупцияга каршы аракеттердин принциптери**,** Укук бузуулардын түрлөрү**,** Жоопкерчиликке тартуунун негиздери жана башка маанилүү жоболор. *[Бейсембаев А.А. Система государственной службы Республики Казахстан... Вопросы государственного и муниципального управления. Зарубежный опыт. [Текст]: 2010. № 3, с. 119].*

Белгилеп кетүү зарыл, Казакстан Республикасынын Баш мыйзамынын 33-беренесинде мындай конституциялык норма бекитилген: «Казакстан Республикасынын жарандары мамлекеттик кызматка жетүүдө тең укукка ээ». Бул жобо сыртынан караганда ачык жана түшүнүктүү көрүнгөнү менен, анын мазмунун тереңирээк талдоону талап кылган бир катар маанилүү аспекттери бар.

Азыркы шарттарда өзгөчө көңүл бурууга татыктуусу — мамлекеттик кызматты жана мамлекеттик кадр саясатын реформалоо идеялары "Казакстан – 2050" Стратегиясында өзгөчө маанилүү багыт катары белгиленгендиги. Аталган стратегиянын алкагында: мамлекеттик кызматчылардын деңгээлине, алардын квалификациясына, кадрларды тандоо жана жайгаштыруу механизмдерине жогорку талаптар коюлган.

Автор тарабынан 2020-жылдын 2-октябрында кабыл алынган Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн "Мамлекеттик кызматчыларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтому талдоого алынган. Аталган токтом төмөнкү негизги жоболорду киргизген:

1. Мамлекеттик кызматчыларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу эрежелери, ошондой эле билим берүү уюмдарына коюлуучу талаптар (мамлекеттик кызматчылардын квалификациясын жогорулатууну ишке ашыруучу мекемелерге) бекитилген. Бул иш-чара 2015-жылдын 23-ноябрында кабыл алынган "Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктуна ылайык, послевузовдук билим берүү программалары боюнча даярдыктын тартибин аныктоого мүмкүндүк берген.

2. Мамлекеттик кызматчылар мамлекеттик заказ негизинде төмөнкү уюмдарда даярдалат: Президентке караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында, Казакстан Республикасынын Жогорку сот кеңешине караштуу Адилет академиясында.

Бул концептуалдык ыкма, мамлекеттик кызмат системасында кадрдык резервдеги боштукту белгилүү деңгээлде толтурууга мүмкүнчүлүк берген. Ошол эле учурда, эксперттердин пикиринде, Казакстанда мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат системасын реформалоо процесси жай жүрүүдө. Мындан тышкары, нормативдик-укуктук актылардын көлөмдүү корпусунда, мамлекеттик башкаруу системасын натыйжалуу ишке ашырууга көмөктөшүүчү нормалар жетишсиз деген пикирлер да айтылат.

Изилдөөчүнүн пикиринде, мамлекеттик кызматка байланыштуу коомдук мамилелерди конституциялык-укуктук жөнгө салуу белгилүү бир деңгээлде натыйжалуу болуп эсептелет. Ошол эле учурда, тез арада чечүүнү талап кылган бир катар олуттуу көйгөйлөр дагы эле орун алууда. Азыркы шарттарда сөз мамлекеттик кызматтын жогорку абройу жана аны өнүктүрүүгө багытталган стимул берүүчү факторлордун комплекси жөнүндө болушу керек. Акыркы мезгилдеги глобалдык экономикалык кризистин кескин курчушу шартында, бул көйгөйлөрдү көз жаздымда калтырууга болбойт.

Натыйжалуу ыкмаларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот**:**

- акчалай сыйлыктарды берүү**;**
- кызматтык турак жай менен камсыз кылуу жана акысыз медициналык тейлөө көрсөтүү**.** Изилдөөдө белгиленгендей: «Мотивациянын жоктугу мамлекеттик башкаруу тармагынан жогорку квалификациялуу кадрлардын кетишине алып келет»**.** *[Нугманова Э.А. Прозрачность административных процедур: прихоть или требование времени? [Текст]: Вестник Института законодательства Республики Казахстан. 2006. № 4, с. 37].*

Бул багыттагы талдоого дал келген пикир Казакстан Республикасынын Президентинин билдирүүсү, анда ал төмөнкүлөрдү баса белгилеген: «Мамлекеттик органдардын онлайн режимине өтүшү мамлекеттик аппаратты 10%га кыскартууга мүмкүн экенин көрсөттү, келечекте бул санды дагы 15%га кыскартуу керек. Эч ким танбайт аз маяна алган мамлекеттик кызмат коом үчүн өтө кымбатка турат. Бул, өз кезегинде, коррупцияга алып келет» деп билдирген Президент. *[Электронный ресурс. // URL – Режим доступа: Источник: Informburo.kz].*

**Экинчи главадагы үчүнчү бөлүмүндө «Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруудагы көйгөйлөр»** изилдөөчү тарабынан коррупцияга каршы аракеттерди укуктук жөнгө салуу маселеси өзгөчө актуалдуу болуп жаткандыгы белгиленет. Бул актуалдуулук төмөнкү факторлор менен байланыштуу:

- Коррупциянын интенсивдүү жана системалуу түрдө өнүгүшү менен;
- Жаңы мыйзамдардын жана ар түрдүү деңгээлдеги нормативдик-укуктук актылардын кабыл алынышы менен.

Албетте, Казакстан жакынкы келечекте дүйнөдөгү өнүккөн 30 мамлекеттин катарына кирүүнү максат кылууда. Бирок бул максатты ишке ашыруу өлкөдө

коррупциянын жогорку деңгээли жана коррупциялык схемалар сакталып турган шартта мүмкүн эмес.

Изилдөөчүнүн пикири боюнча, абалды оң жакка өзгөртүүгө өбөлгө түзгөн факторлордун бири — бул Казакстан Республикасынын Жазык кодексинде, ошондой эле жаңы кабыл алынган Казакстан Республикасынын Административдик процедуралык процессуалдык кодексинде коррупцияга каршы аракеттердин механизмдери так жана ачык жазылганы болуп саналат. Бул жоболор 2015-жылдан бери колдонулуп келе жаткан: “Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат жөнүндө” мыйзам, “Коррупцияга каршы аракеттер жөнүндө” мыйзам менен бирге комплекстүү түрдө иштеп, укуктук чөйрөнүн бекемделишине өбөлгө түзөт.

Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын саясий-укуктук жана конституциялык-укуктук негиздерин өнүктүрүүгө олуттуу салым өлкөнүн жогорку жетекчилигинин туруктуу саясий эркин ишке ашыруу аркылуу кошулууда. Мындай концептуалдык мамиле, мамлекеттик башкарууда коррупцияны жоюу багытында жаңы ыкмаларды жана системалуу чечимдерди калыптандырууга өбөлгө түзөт. Мисалы, 2020-жылдын 1-сентябрындагы Казакстан Республикасынын Президентинин Жолдоосунда төмөнкүдөй маанилүү пикир айтылган: “Коррупцияга каршы күрөш системалуу мүнөзгө ээ болушу керек”, жана бул мамиле мамлекеттик органдарда нормативдик-укуктук актыларга карата антикоррупциялык экспертизаны кайра жандандыруу менен тыгыз байланышта экени баса белгиленген.

Ушуга байланыштуу, антикоррупциялык органдардын өздөрүнө карата жоопкерчиликти күчөтүү чараларын артыкчылыктуу багыт катары белгилөө келечекте оң натыйжа алып келет деп айтууга негиз бар. Казакстан Республикасынын 2015–2025-жылдарга карата Антикоррупциялык стратегиясы кабыл алынгандан кийин, анын уландысы катары 2022–2026-жылдарга карата жаңы Антикоррупциялык стратегия да ишке киргизилген. Бул стратегиялардын башкы максаты — мамлекеттик кызмат системасындагы коррупцияга каршы күрөшүү, анткени бул укук бузуунун мүнөзү — мамлекеттик кызматтын бардык деңгээлдерин деморализациялап, жарандардын мамлекетке жана башкаруу системасына болгон ишенимин төмөндөтөт.

Казакстан Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттер жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесинин 13-пунктуна ылайык, мамлекеттик кызматчылар коррупциялык фактылар тууралуу мамлекеттик орган жетекчилигине же укук коргоо органдарына билдирүүгө милдеттүү. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматчылардын укуктук аң-сезимин жана коомдук аң-сезимди трансформациялоо багытында системалуу иш жүргүзүлүүдө. Мисалы, белгилүү казакстандык изилдөөчү Алауханов Е.О. өз пикиринде төмөнкүлөрдү белгилейт: Коррупция тууралуу билип туруп, ал жөнүндө билдирбеген адам жоопкерчиликке тартылышы керек. Бирок, тилекке каршы, мындай учурлар өтө сейрек кездешет. *[Алауханов Е.О. Борьба с коррупцией в государственных органах Республики Казахстан. [Текст]: Учебное пособие. - Алматы, 2020, с.115].* Бул жагдай төмөнкү себептер менен байланыштуу: Коррупция жөнүндө маалыматы бар адамдарга жоопкерчилик чаралары жетиштүү деңгээлде иштелип чыга элек; Аларга кылмыштын түз фактысы менен катар, шектенүүгө негиз бар экенин далилдөө милдети да жүктөлөт, ал эми бул өз кезегинде Конституциядагы “айыпсыздык

презумпциясы” жана далилдөө жүгүн алып жүрүү принциптери менен карама-каршылыкка алып келиши мүмкүн.

Биз талдап жаткан мыйзамдын 24-беренесинин 2 жана 3-пункттарында төмөнкүдөй жоболор каралган: Мамлекеттик орган жетекчилиги жана ыйгарым укуктуу орган коррупциялык укук бузуулар боюнча чара көрүүгө милдеттүү; Ал эми коррупция фактысы тууралуу кабарлаган адам, мамлекет тарабынан коргоого алынууга тийиш жана  Казакстан Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипке ылайык сыйлык же стимул алуу менен колдоого алынат. Анткени коррупция сыяктуу антисоциалдык көрүнүштү жоюу үчүн коомдун бардык мүмкүн болгон жана жеткиликтүү ыкмаларын, ошондой эле укуктук механизмдерин иштетүү зарыл. Мындай аракеттер Казакстан коомунун коррупцияга болгон жоопкайтаруусун ачык көрсөтүүгө жана анын бардык формаларына кайдыгер эмес экендигин далилдөөгө мүмкүндүк берет.

Жогоруда белгиленгендей, коррупция маселесин талдоо үчүн Казакстан Республикасынын мыйзамдары жана бир катар чет мамлекеттердин тажрыйбасы, укуктук базасы изилденген. Белгилеп кетүү керек, коррупцияга каршы күрөш маселеси бул адамзат тарыхында терең тамыр жайган көйгөй, жана ал тууралуу мамлекеттик башкаруу боюнча байыркы Кытайда, Египетте, Байыркы Грецияда жана Рим империясында жазылган ар түрдүү трактаттарда сөз болгон. Коррупция бардык мамлекеттерге мүнөздүү экени талашсыз. *[Алауханов Е.О. Борьба с коррупцией в государственных органах Республики Казахстан. [Текст] / Учебное пособие. - Алматы, 2020, с. 160]*. Ошол эле учурда, “коррупция” түшүнүгүнүн өзү дагы да терең илимий жана практикалык негиздөөлөрдү талап кылат, жана бул, өз кезегинде, аны алдын алуунун эффективдүү жолдорун издөөгө түрткү болот. Изилдөөчүнүн пикиринде, Казакстан үчүн негизги артыкчылык — бул өлкө жетекчилигинин туруктуу саясий эркиндигинин болушу. Ушул себептен, коррупцияга каршы күрөштү институционалдаштыруу үчүн нормативдик жана илимий негиздер түзүлгөн, бул болсо бул антисоциалдык көрүнүштү критикалык көз караш менен талдоого даярдык бар экенин далилдейт. Бирок, коррупциянын айрым көрүнүштөрү жана тенденциялары бийликтин жогорку деңгээлинде да байкалууда, бул тууралуу ЖМКларда, интернет-ресурстарда чыккан маалыматтар ачык күбө болуп турат.

**Үчүнчү глава “Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты модернизациялоо” үч бөлүмдөн турат. Анын биринчи бөлүмү  “Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты модернизациялоонун концептуалдык негиздери”**, мамлекеттик кызматты оптималдаштыруу боюнча ыкмаларды өзгөртүү маселелерине арналган, айрыкча мындай өзгөрүүлөр өлкөнүн айыл аймактарынын, кыштактардын, шаарчалардын жана шаарларынын өнүгүшүнө кандай таасир тийгизерин талдоого багытталган. Аймактык өнүгүү жана калктуу пункттардын өсүшү төмөнкү жолдор менен колдоого алынышы керек деп белгиленет: пайызсыз насыя берүү, инвестиция тартуу, мамлекеттик башкаруудагы кайталанма органдарды кыскартуу, мамлекеттик кызматчылардын санын оптималдаштыруу. Казакстандык изилдөөчү Кузекова А.А. өз кезегинде төмөнкүдөй маанилүү сунуштарды айтат: Мамлекеттик башкаруу органдары, мамлекеттик кызмат жана мамлекеттик бюджетти өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө жана

социалдык маселелерди чечүүгө багыттоо зарыл, бул багытта төмөнкү приоритеттерге көңүл буруу керек:

- Мамлекеттик кызматка жетүүдө жарандар үчүн тең укуктуу шарттарды түзүү жана бул укукту камсыз кылуу;
- Мамлекеттик кызматчыларды кесиптик багытта окутууну талапкерлердин жөндөмдүүлүгүн аныктоо негизинде уюштуруу;
- Кесипкөй мугалимдердин санын кыйла көбөйтүү, бул маселе сапаттуу окуу китептеринин жеткиликтүүлүгү менен түз байланыштуу;
- Мамлекеттик кызмат жана мамлекеттик башкаруу системасынын укуктук базасын өркүндөтүү, ошондой эле компетенттүү башкаруучу кадрларды даярдоо. *[Кузекова А.А. Прогнозирование человеческого капитала государственной службы Республики Казахстан. [Текст]: Дис… докт. по профилю. – Астана, 2016, с. 15]*. Бул пикир бир аз башка өңүттө Кенжеханов А.С. тарабынан да колдоого алынат. Анын айтымында, мамлекеттик кызматка компетенттүү адамдарды тандоо жана тартуу бул маселени актуалдаштырып гана тим болбостон, ошондой эле коррупциялык кылмыштарды ачып чыгуу боюнча заманбап ыкмаларды изилдөө жана аныктоодо жаңы жолдорду табууга шарт түзөт. *[Кенжеханов А.С. Использование современных средств и методов при расследовании коррупционных преступлений.*

Анализ алкагында, ошондой эле төмөнкү жоболорду мындан ары өркүндөтүү жана ишке ашыруу зарылдыгы өзгөчө белгиленет:

- Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү конституциялык-укуктук кепилдиктерди ар бир Казакстан жараны үчүн иш жүзүндө камсыз кылуу, алардын укуктарын коргоо, мыйзам үстөмдүгүн бекемдөө жана ишке ашыруу;
- Коррупцияга каршы чыныгы жана натыйжалуу чараларды көрүү, ошондой эле мыйзам деңгээлинде Израилдин мисалында кабыл алынган жоболор сыяктуу, коррупцияны – Мекенге чыккынчылык катары, ал эми коррупционерлерди – чыккынчылар катары баалоону мыйзам менен бекитүү;
- Казакстанда административдик-укуктук реформанын акыркы этабын ишке ашыруу;
- Жаңы реалдуулукка ылайык, мамлекеттик башкаруунун жана мамлекеттик кызматтын жаңы моделин түзүү, анын максаты — социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу;
- Административдик-аймактык тең салмактуу өнүгүүнүн базисин түзүү, мында жарандардын социалдык-экономикалык жыргалчылыгы — мамлекеттик кызматтын негизги артыкчылыктуу багыты болушу керек.

Биздин оюбузча, бул жыйынтыкты изилдөөнүн натыйжалары дагы тастыктап турат. Ушуга байланыштуу, мамлекеттик кызматты уюштуруунун жаңы моделине өтүүдө коюлган милдеттерди ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн, мамлекеттик башкаруу оргуларында жана мамлекеттик кызмат системасында программалык-мақсаттуу түзүмдөрдүн матрицалык түрүн колдонуу максатка ылайыктуу деп эсептелет. Мындай моделдер төмөнкү артыкчылыктарга ээ: жогорку ийкемдүүлүк, структуралык ар түрдүүлүк, жана жакшы натыйжалуулук.

**Үчүнчү главанын экинчи бөлүмүндө “Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасындагы коррупцияга каршы аракеттердин**

**көйгөйлөрү”** бул бөлүмдө мамлекеттин коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруусу талдоого алынат. Анда мамлекеттин коомдук жашоонун бардык тармактарына экономикага, социалдык жана руханий чөйрөгө тийгизген зор таасири көрсөтүлөт. Ошондой эле баса белгиленет: коррупция бул Казакстан коомундагы социалдык туруктуулукка реалдуу коркунуч жарата турган олуттуу фактор, жана бул коркунучту таануу жана ага каршы чара көрүү мамлекеттин башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

Д.А Керимовдун пикиринде, мамлекет менен укуктун таасири өзгөчө натыйжалуу болот, эгерде ал өзүнүн багыты боюнча экономикалык, саясий, социалдык-мәдени жана руханий өнүгүү процесстери менен шайкеш келген учурда. *[Керимов Д.А. Методология права: [Текст]: Предмет, функции, проблемы философии права. – М.: Изд-во СГУ, 2008, с. 193].* Ошол эле учурда, С.З. Зимановдун теориялык көз караштары азыркы мезгилдин реалдуулугуна толук жарашат. Айрыкча, Казакстан келечекке багытталган жаңы өнүгүү парадигмасын түзүү жолуна түшкөн учурда, анын илимий концепциялары өзгөчө актуалдуулукка ээ. *[Нурдинова Ж.Т. Формирование и совершенствование политической системы в условиях модернизации казахстанского общества (проблемы теории и практики). [Текст]: Монография. - Алматы: «Казак университетi». 2012, с. 89].*

Мамлекеттин укуктук табияты демократиялык мамлекеттерде толук чагылат деген гипотезаны туура деп эсептесе болот, анткени бул жерде формалдуу теңдик принциби ишке ашырылып, ал эми укук – адамдын түбөлүктүү баалуулуктарын чагылдырган институт болуп саналат. Бул баалуулуктар – эркиндик, теңдик, гуманизм жана жалпы жыргалчылык сыяктуу адамдын инсандык өлчөмүн камтыган категориялар. Ошол эле өңүттө, М.И. Байтиндин да ушул өңдүү көз карашы негиздүү деп эсептелет. Ал логикалуу түрдө белгилегендей: «Демократиялык мамлекет, укукка таянган мамлекет катары, өзүнүн эң жогорку багытын – адам укуктарын жана эркиндиктерин таанууда жана коргоодо көрөт».

Казакстан Республикасынын Конституциясы адамдын укуктары менен эркиндиктерин жогорку баалуулук катары жарыялап, бул укуктарды таануу, камсыз кылуу жана коргоо боюнча милдетти мамлекетке жүктөө аркылуу укуктук жана саясий идеалды ишке ашырат. Ошондой эле Баш мыйзамда укуктар менен эркиндиктердин жогорку артыкчылыгы жана ажырагыс табияты бекемделип, алар ар бир адамга төрөлгөндөн тартып тиешелүү экени көрсөтүлгөн.

Эгерде жарандардын саясий аң-сезимин калыптандыруу зарылчылыгынан алып карасак, анда бул максатка жетүү мамлекет тарабынан укуктук антикоррупциялык саясатты ишке ашыруу аркылуу мүмкүн. Тактап айтканда, бул төмөнкү чаралар аркылуу ишке ашат: коррупцияны алдын алуу (превенция), коррупцияга каршы натыйжалуу аракеттерди жүргүзүү, анын ар кандай көрүнүштөрүнө болгон коомдук чыдамсыздыкты калыптандыруу, коррупциянын масштабын терең түшүнүү жана аңдоо.

**Үчүнчү главанын үчүнчү бөлүмүндө «Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты оптималдаштыруунун жолдору, каражаттары жана ыкмалары»** оптималдаштыруу процесси кандай маңызга ээ экенин түшүнүү үчүн төмөнкү негизги максаттарды таануу зарыл деп белгиленет: ресурстарды натыйжалуу пайдалануу механизмдерин түзүү; мамлекеттин милдеттенмелерин

аныктап, аларды каржылоонун реалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен шайкеш келтирүү. Изилдөөнүн алкагында, автор төмөнкү приоритеттерди белгилейт алар мамлекеттик кызмат институту жана социалдык саясат үчүн маанилүү багыттар болуп саналат:

- жарандардын социалдык абалы үчүн жоопкерчиликти таануу;
- калктын арасында жапырт жумушсуздукка жол бербөөнү кепилдөө;
- мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү калкка сапаттуу деңгээлде жеткирүү.

Ушуга байланыштуу, төмөнкү негизги маселелерге көнүл буруу зарыл: мамлекеттик кызмат жана мамлекеттик башкаруу системасынын укуктук базасын өркүндөтүү; компетенттүү кадрларды даярдоо, ошондой эле конкурстук тандоо, баалоо жана мамлекеттик кызматчыларды ротациялоо механизмдерин жакшыртуу; коррупцияга каршы күрөшүү жана аны алдын алуу (превенция) чараларын күчөтүү. Жогоруда айтылгандарды жана изилдөөнүн натыйжаларын эске алуу менен, төмөнкү стратегиялык демилгелерди иштеп чыгуу сунушталат: 2023–2030-жылдарга карата Казакстан Республикасынын мамлекеттик кызматтын улуттук моделин модернизациялоо боюнча инновациялык Концепциянын жана Мамлекеттик программанын долбоорлорун иштеп чыгуу; Казакстан Республикасындагы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кодекстин түзүмүнүн долбоорун даярдоо; Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат боюнча иштерди координациялоочу

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн жыйынтыктары Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын оптималдаштыруунун негизги көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган негизги корутундуларды жана жоболорду иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

- Мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук жөнгө салуунун теориялык жана методологиялык негиздери каралды;
- Мамлекеттик кызмат – мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук нормасы катары каралып, анын түшүнүгү, маңызы жана мазмуну аныкталды;
- Мамлекеттик кызматты конституциялык-укуктук жөнгө салуу механизмдерине теориялык-методологиялык талдоо жүргүзүлдү;
- Мамлекеттик кызматты укуктук жөнгө салуудагы эл аралык тажрыйба изилденди;
- Казакстандагы мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук кепилдиктеринин маселелери каралды;
- Казакстан жарандарынын конституциялык-укуктук кепилдиктеринин учурдагы абалы талданып, бул кепилдиктерди мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө ишке ашыруунун призмасы аркылуу изилденди;
- Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты натыйжалуу жөнгө салууга тоскоол болгон негизги карама-каршылыктар жана укуктук көйгөйлөр аныкталды;

•2023–2030-жылдар аралыгында Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук негиздерин модернизациялоонун стратегиясы иштелип чыгып, аны ишке ашыруунун негизги багыттары көрсөтүлдү.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР:

1. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматты модернизациялоонун концептуалдык моделин түзүү боюнча сунуштар негизделип жана так чечмеленди. Бул модель мамлекеттик кызматтын натыйжалуу системасын камсыз кылууга мүмкүндүк берет, атап айтканда: Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат моделин модернизациялоо боюнча 2023–2030-жылдарга арналган Концепциянын жана Мамлекеттик программанын долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу; Казакстан Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө Кодекстин түзүм долбоорун бекитүү аркылуу; Мамлекеттик кызмат боюнча мамлекеттик Координациялык борборду түзүү аркылуу, башкача айтканда, ушул тармакта иш алып барган аналогдук түзүмдөрдүн функцияларын жаңы түзүлгөн Координациялык борборго өткөрүп берүү менен. Бул Координациялык борбор түздөн-түз Казакстан Республикасынын Президентинин карамагында болуп, Казакстан Республикасынын Парламентине отчёт берип турат.

2. Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарына жана функцияларына тиешелүү жоболор мыйзам чегинде бекитилиши керек. Бул жоболорго ылайык, Казакстан Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик кызматтар боюнча Казакстан Республикасынын Мамлекеттик Координациялык борборунун функциялары менен ыйгарым укуктарын ишке ашырууда жардам көрсөтүп, аны ар тараптан колдоп турууга милдеттүү болот.

3. Бул сунуштарды ишке ашыруу үчүн Казакстан Республикасынын Президентинин Администрациясына Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоо боюнча **Мамлекеттик комиссия түзүү** сунушталат. Аталган комиссиянын курамына юристтер, компетенттүү мамлекеттик кызматкерлер, окумуштуулар жана практиктер кириши керек. Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоо боюнча Мамлекеттик комиссияга 3 айлык мөөнөт ичинде төмөнкү иштерди аткаруу милдети жүктөлөт: Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат моделин модернизациялоо боюнча 2022–2030-жылдарга карата Концепциянын жана Мамлекеттик программанын долбоорлорун иштеп чыгууга даярдык көрүү; Мамлекеттик кызмат жөнүндө Кодекстин долбоорун даярдоого даярдык; Мамлекеттик кызмат боюнча Казакстан Республикасынын Мамлекеттик Координациялык борборун түзүүгө чейинки уюштуруу иштерин жүргүзүү.

4. Казакстан Республикасында мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоо боюнча Мамлекеттик комиссияга, ошондой эле Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтар боюнча Мамлекеттик Координациялык борборго төмөнкү иштерди Казакстан Республикасынын Юстиция министрлиги менен биргеликте жүргүзүү сунушталат:

- Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат маселелерин жөнгө салган бардык нормативдик-укуктук актыларды инвентаризациядан өткөрүү;
- Казакстан Республикасында мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоо боюнча административдик реформанын долбоорун даярдоо жана сунуштоо;
- Аткаруу бийлигине караштуу мамлекеттик башкаруу органдарынын жана мамлекеттик кызматкерлердин функционалдык талдоосун жүргүзүү;
- Кайталанып жаткан функцияларды жана мамлекеттик органдарды жоюу;
- Жоюлган мамлекеттик башкаруу органдарынын мамлекеттик кызматты уюштуруу боюнча функцияларын жаңы түзүлө турган Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтар боюнча Мамлекеттик Координациялык борборго өткөрүп берүү.

5. Жогоруда көрсөтүлгөн сунуштарды ишке ашыруу максатында, биздин көз карашыбыз боюнча, Казакстан Республикасынын Президенти төмөнкү мазмундагы тиешелүү Жарлыкты чыгарууга тийиш:

1. Казакстан Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар боюнча Мамлекеттик Координациялык борборду түзүү;
2. Казакстан Республикасында мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоо боюнча Убактылуу мамлекеттик комиссияны түзүү;
3. Аткаруу бийлигинин системасындагы мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын учурдагы абалын изилдөө, функционалдык талдоо жүргүзүү, ошондой эле 2022–2030-жылдарга карата Казакстан Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат моделин модернизациялоо боюнча Концепциянын жана Мамлекеттик программасынын долбоорлорун иштеп чыгуу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө Кодекстин түзүмүн даярдоо жана бул долбоорлорду түзүлө турган Мамлекеттик Координациялык борбордун кароосуна берүү боюнча иштерди жүргүзүү үчүн Убактылуу жумушчу топту түзүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Рамашов, О. Н. Некоторые вопросы о статусе государственных служащих по государственно-служебному законодательству Республики Казахстан. [Текст] /О. Н. Рамашов // Политика и право. - Вестник АГУПКР. – 2019.- № 26.- С. 179-184. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42671594

2. Ramashov, O.N., Duisenov E., Musin K., Kalisheva N., Nursaliyeva G. Constitutional and Legal Framework of Anti-Corruption Measures in the Republic of Kazakhstan: Problems, Trends, Solutions. [Текст] /О. Н. Рамашов, Э.Э.Дуйсенов, К.Мусин, Н.Калишева, Г.Нурсалиева // Journal «Deviant Behavior» Годы охвата Scopus: с 1979 по настоящий момент. Издатель: Taylor & Francis, Great Britain-2023. – С. - 870-881. https://elibrary.ru/title_about_new.asp?id=15290

3. Ramashov, O.N., Dzhiembaev R.K. Legislative framework of state service in the Republic of Kazakhstan. [Текст] /О. Н. Рамашов, Р.К., Джыембаев // Наука и жизнь Казахстана №3(58). - 2018. - С. 148-152.

4. Ramashov, O.N., Mussin K.S., Lavnichak A. Ways of formation of Kazakhstan's patriotism in the course of Public Service and its legal basis. Bulletin of the Karagandy University. [Текст] /О. Н. Рамашов, К.С. Мусин, А.Лавничак // Law Series № 2(102). - June 30th, 2021. Karaganda - С. 44-51; ISSN: 2518-7945 https://elibrary.ru/item.asp?id=69193817

5. Ramashov, O.N., Mussin K.S. Legal means of fight against corruption in the civil service system. [Текст] /О. Н. Рамашов, К.С. Мусин // Bulletin of the Karagandy University Law Series № 2(110). -2023.- С. 51-57. https://elibrary.ru/item.asp?id=61960672

6. Ramashov, O.N., Sarykulov K.R., Smagulov M.K. On the role and participation of non-governmental organizations in the field of anti-corruption in the Republic of Kazakhstan. [Текст] /О. Н. Рамашов, К.Р., Сарыкулов, М.К., Смагулов // ҒЫЛЫМ - НАУКА Международный научный журнал (76).- 2023 г. – С.46-48; https://ffa.object.pscloud.io/skuggcke/oykcaokq/yesyugii/bae885a907d5a36893be1564ff0a0aaf2d6a9f70.

7. Рамашов, О.Н., Дуйсенов Э.Э., Имплементация конституционно-правовых основ государственной службы в Республике Казахстан в современных условиях. [Текст] /О. Н. Рамашов, Э.Э. Дуйсенов// Международный научный журнал «Наука образование техника». - № 3 (72). -2021. – С. 171-179. https://elibrary.ru/item.asp?id=48519441

8. Рамашов, О.Н., Дуйсенов Э.Э., Прогностика: инновационные перспективы государственной службы в Республике Казахстан. [Текст] /О. Н. Рамашов, Э.Э. Дуйсенов // Академия Образования Великобритании: научный журнал.- № 2 (35).-2021.- С.49-60;

9. Рамашов О.Н. Борьба с коррупцией - приоритетное направление государственной политики. [Текст] /О. Н. Рамашов // Материалы VI Международной научно-практической конференции «Global science and innovations 2019: Central Asia», III. - С. 158-164;

10. Рамашов, О.Н. Роль неправительственных организаций в защите прав человека и противодействий коррупции в Республике Казахстан. [Текст] /О. Н. Рамашов // Труды международной научно - практической конференции «Актуальные проблемы защиты прав человека в демократическом, светском, правовом и социальном государстве», посвященной 80 – летию Южно-Казахстанского университета им. М. Ауэзова и 75-летию принятия «Всеобщей декларации прав человека». - 2023 г. - С. 208-212;

11. Ramashov, O.N., Bachurin S. N, Musin K.S., Public service as a constitutional and legal norm of state activity: concept, subject, essence and content. [Текст] /О. Н. Рамашов, С.Н. Бачурин, К.С. Мусин // ҒЫЛЫМ - НАУКА Международный научный журнал.- 2(81).- 2024 г. – С. 41-45. https://ffa.object.pscloud.io/skuggcke/eokkuugw/sgokwumu/65e0540abb03d04cb3e59ddb69fefaeb0f4d0759.pdf

12. Ramashov, O.N. Musin K.S., Legal issues of military personnel training in the Republic of Kazakhstan and its exchange of foreign experience. «Актуальные проблемы современной правовой науки и практики» [Текст] /О. Н. Рамашов, К.С. Мусин// Материалы Международной научно-практической онлайн/офлайн конференции в честь Дня работников науки Республики Казахстан, посвященной 125-летию со дня рождения К.И. Сатпаева 19 апреля 2024. – С. 33-38.

**Рамашов Олжас Нурмамбековичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызматтын конституциялык-укуктук проблемалары» темасындагы диссертациялык изилдөөсүнүн**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** конституциялык-укуктук негиздер, конституция, саясий институт, саясий-укуктук шарттар, түшүнүк, мамлекет, мыйзам, бийлик, мамлекеттик кызмат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Казакстандагы мамлекеттик кызмат системасы чөйрөсүндө өнүккөн конституциялык-укуктук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** мамлекеттик кызматтын казак моделинин ченемдик-укуктук жана институционалдык механизмдериндеги кемчиликтерин аныктоо жана аларды жоюу жолдорун издөө аркылуу ортомчулук кылган улуттук мыйзамдар болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** – мамлекеттик кызмат системасынын улуттук теориясына жана практикасына жана анын өзгөчөлүктөрүнө ар тараптуу талдоо жүргүзүү. Казакстандагы мамлекеттик кызмат системасынын механизминин иштешиндеги көйгөйлөрдү талдоо.

**Диссертациянын методологиясы** мамлекеттик кызматтын негиздерин салыштырма укуктук, системалык, структуралык, институционалдык методдорго жана конституциялык-укуктук талдоого негизделген.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы**, сунушталган изилдөө аталган институтту модернизациялоонун теориялык-укуктук мүнөзүнүн негизинде Казахстан Республикасында мамлекеттик кызматтын негиздерин комплекстүү конституциялык-укуктук талдоо аракеттеринин бири болуп саналат. Илимий жаңылык, мамлекеттик кызматты өнүктүрүү аспектилери Казахстан Республикасында саясий - укуктук жана административдик реформалардын өзгөчөлүгүн эске алуунун негизинде концептуалдык жоболордун позициясынан каралгандыгы менен шартталган.

**Пайдалануу боюнча сунуштар** негизги жоболорун, корутундуларын жана изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча алынган практикалык сунуштарды пайдалануу менен мүнөздөлөт, ошондой эле Казакстан Республикасында мамлекеттик кызматтын көйгөйлөрүн карап, аларды ишке киргизүү.

**Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу чөйрөсү** мамлекеттик органдардын, партиялардын жана бирикмелердин практикалык ишмердүүлүгүндө мамлекеттик кызматты жана Казакстан Республикасында мамлекеттик башкаруу тутумун оптималдаштыруу жана модернизациялоо чараларын иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн илимий-практикалык жыйынтыктары окуу китептерин, окуу куралдарын, студенттер үчүн атайын курстарды даярдоодо негиз боло алат жана «конституциялык укугу», «административдик укугу», «коррупцияга каршы мыйзамдары» курстарына киргизилиши мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Рамашова Олжаса Нурмамбековича на тему: «Конституционно-правовые проблемы государственной службы в Республике Казахстан», на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право**

**Ключевые слова**: конституционно-правовые основы, конституция, политический институт, политико-правовые условия, концепция, государство, закон, власть государственная служба.

**Объект исследования** конституционно-правовые отношения, складывающиеся в сфере системы государственной службы в Республике Казахстан.

**Предмет исследования** национальное законодательство, опосредованное выявлением недостатков казахстанской модели госслужбы в нормативном и институциональном механизмах и поиск способов их устранения.

**Целью исследования** - является проведение комплексного анализа национальной теории и практики системы госслужбы и ее специфики; анализ проблем функционирования механизма системы государственной службы в Республике Казахстан.

**Методология диссертации** построена на сравнительно-правовом, системном, структурно-функциональном, институциональном методах и конституционно-правовом анализе основ государственной службы в Республике Казахстан.

**Полученные результаты и их новизна** заключается в том, что представленное исследование является одной из попыток комплексного конституционно-правового анализа основ государственной службы в Республике Казахстан на базе теоретико-правового характера модернизации указанного института. Научная новизна обусловлена тем, что аспекты развития государственной службы рассмотрены с позиций концептуальных положений на основе учета специфики политико - правовой и административной реформ в Республике Казахстан.

**Рекомендации по использованию** характеризуются использованием основных положений, выводов и практических рекомендаций, полученных по результатам исследования, а также их внедрения при рассмотрении проблем государственной службы в Республике Казахстан.

**Область применения** результатов проведенного исследования может использоваться в практической деятельности государственных органов, партий и объединений для выработки мер оптимизации и модернизации государственной службы и всей системы государственного управления в Республике Казахстан. Научно-практические результаты исследования могут стать основой при подготовке учебников, учебных пособий, спецкурсов для студентов и могут быть внедрены в курс «конституционное право», «административное право», «антикоррупционное законодательство».

## SUMMARY

**dissertation of Olzhas Nurmambekovich Ramashov on the topic «Constitutional and legal problems of public service in the Republic of Kazakhstan», for the degree of candidate of legal sciences in the specialty 12.00.02 - constitutional law; municipal law**

**Keywords:** constitutional and legal foundations, constitution, political institution, political and legal conditions, concept, state, law, power, public service.

**Object of the research** constitutional and legal relations developing in the sphere of the public service system in the Republic of Kazakhstan.

**Subject of the research** national legislation, mediated by the identification of shortcomings of the Kazakh public service model in the regulatory and institutional mechanisms and the search for ways to eliminate them.

**The purpose of the research** is to conduct a comprehensive analysis of the national theory and practice of the civil public system and its specifics; analysis of the problems of the functioning of the mechanism of the public service system in the Republic of Kazakhstan. The methodology of the dissertation is based on comparative legal, systemic, structural and functional, institutional methods and constitutional and legal analysis of the foundations of the public service in the Republic of Kazakhstan.

**The obtained results and their novelty** lies in the fact that the presented research is one of the attempts at a comprehensive constitutional and legal analysis of the foundations of the public service in the Republic of Kazakhstan based on the theoretical and legal nature of the modernization of this institution.

**Scientific novelty** is due to the fact that the aspects of the development of the public service are considered from the standpoint of conceptual provisions based on the specifics of political, legal and administrative reforms in the Republic of Kazakhstan.

**Recommendations for use** are characterized by the use of the main provisions, conclusions and practical recommendations obtained from the results of the research, as well as their implementation when considering the problems of the public service in the Republic of Kazakhstan.

**The scope of the results of the research** can be used in the practical activities of government agencies, parties and associations to develop measures to optimize and modernize the civil public service and the entire system of public administration in the Republic of Kazakhstan. The scientific and practical results of the research can become the basis for the preparation of textbooks, study materials, special courses for students and can be introduced into the course «constitutional law», «administrative law», «anti-corruption legislation».